Бишкекский городской комитет профсоюза работников образования и науки
Комиссия по регистрации коллективных договоров
Зарегистрирован
№ 36, 10 сентября 2021 г.
Председатель [signature] – Г. У. Султанбаева

Бишкек шаарындагы №94 ЖОББ мектебинин

эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда кабыл алынган

2021-жылдын 2-сентябрь №2 протоколунун негизинде

түзүлгөн

# Жамааттык келишим

## 1.Жалпы жоболор

1.1 Ушул жамааттык келишим №94 ЖОББ мектебинин директору Ш.ДЖ.Джунушова мындан ары жумуш берүүчү менен мектептин кызматкерлеринин ортосунда ,кесиптик бирлик комитетинин торайымы Мамытова А.А.атынан түзүлдү жана билим берүү уюмундагы социалдык –эмгектик мамилелерди жөнгө салуучу укуктук акт болуп саналат.

1.2 Жамааттык келишим билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин социалдык- эмгектик жана кесиптик таламдарын коргоо жана кызматкерлер үчүн кошумча социалдык-экономикалык ,укуктук жана кесиптик кепилдиктерди жана жеңилдиктерди белгилөө ,ошондой эле мыйзамдарды , башка ченемдик актыларда белгиленген шарттарга салыштырганда эмгектин кыйла жагымдуу шарттарын түзүү боюнча макулдашылган чараларды көрүү максатында КР Конституциясына , КР Эмгек кодексине , «Билим берүү жөнүндө», «Кесиптик бирликтер жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарга жана билим берүү мекемесинин Уставына ылайык түзүлгөн.

### Жамааттык келишим

- Туруктуу жана натыйжалуу ишке,кызматкерлерди материалдык жана социалдык камсыздоону жогорулатууга,ишкердин беделди тындоого максималдуу көмөк көрсөтө турган социалдык-эмгектик мамилелердин системасын түзүү
- Эмгек жамаатынын ичинде жагымдуу жагдайды түзүү.
- Кызматкерлерге жүрүш-турушунун корпоративдүү стилин калыптандыруу максатында түзүлгөн.
- Ушул жамааттык келишим жарандык - укуктук келишимдерди аткарууга байланыштуу мамилелерге карата өзүнүн аракетин жайылтпайт

1.3 Мекеменин кызматкерлери өздөрүнүн өкүлдөрүнүн атынан чыккан баштапкы кесиптик бирлик жумуш берүүчүнүн атынан чыккан мектептин директору келишимдин тараптары болуп эсептелишет

1.4 Ушул жамааттык келишим үч жылдык мөөнөткө түзүлдү жана ага тараптар кол койгон учурдан тартып (же тараптардын макулдашуусу боюнча жамааттык келишимде) күчүнө кирет.

1.5 Тараптар ,социалдык өнөктөштүк принцибин таануу менен төмөндөгүлөргө милдеттенишет.

### Жумуш берүүчү

- Жамааттык келишимди даярдоодо жана түзүүдө баштапкы кесиптик бирлик комитетинин шайланган органын кызматкерлердин эмгек ,эмгек акы,жумуш убактысынын узактыгы ,эмгекти коргоо шарттары ,оргууго чыгаруу,турак жай берүү ,социалдык тиричилик жеңилдиктери жана жамаат мүчөлөрүнүн кепилдиктери жагындагы таламдарын билдирген бирден-бир өкүлү катары таанууга.
- Ушул жамааттык келишимдин шарттарын сактоого жана анын жоболорун аткарууга.
- Уюмдун баардык кызматкерлерин, ошондой эле аларды ишке алууда баардык жаңыдан ишке алынган кызматкерлерди жамааттык келишим,өзүнүн ыйгарым укуктарына кабыл алынган башка локалдуу ченемдик актылар менен тааныштырууга,жамааттык келишимдин мазмунун жана шарттарынын аткарылышынын маалымдуулугун камсыз кылууга.

милдеттуу (чогулуштарды,конференцияларды,жооптуу кызматкерлердин отчетторун откоруу,маалыматтык такталар ж.б аркылуу)

## Кесиптик бирлик комитети

- Билим беруу мекемесинин натыйжалуу ишине комок корсотууго.
- Кызматкерлер эмгектик укуктарын жана жамааттын мучолорунун
- социалдык- экономикалык таламдарын коргоо маселелери боюнча эмгек талаштары боюнча коммиссияга жана сот органдарына кайрылган учурда , алардын таламдарынын билдирууну жузого ашырууга .
- жумуш беруучу тарабынан кабыл алынган милдеттенмелер аткарылган шартта жамааттык келишим колдонулуп жаткан мезгилде иш таштоолорду уюштуруудан алыс болууга милдеттуу.

1.6. Ушул жамааттык келишимдин кучу билим беруу мекмесинин баардык кызматкерлерине жайылтылат .

1.7. Жамаатык келишим билим беруу мекемесинин аталышы озгоргон,мекеменин жетекчиси менен эмгек келишими бузулган учурда озунун кучун сактап калат.

1.8. Билим беруу мекемеси кайра уюштурулганда жамааттык келишим кайра уюштуруу мезгилинде озунун кучун сактап калат.

1.9. Жамааттык келишим колдонулган мезгилдин ичинде:

- КР Эмгек кодексинде белгиленген тартипте оз ара макулдашуунун негизинде ага толуктоолор ,озгортуулор киргизууго укуктуу.
- Тараптардын бири да озу кабыл алган милдеттенмелерди аткарууну бир жактуу тартипте токтотууга укуксуз болот.

1.10. Жамаатык келишимдин аткарылышына туруктуу иштеген эки тараптуу комиссия,кесиптик бирлик контролдук жургузот. Тараптар жамааттык келишимдин аткарылышы жонундо эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда жылына бир жолу отчет берет.

## 2. Ишке кабыл алуу

2.1 Тараптар томондогулор жонундо :

- Ишке кабыл алуу жумуш беруучунун кызматкер менен тузгон эмгек келишиминин негизинде чыгарылган буйрук менен жол-жоболоштурулат.Жумуш беруучунун буйругунун мазмунун тузгон келишиминин шарттарына ылайык келууго тийиш.

Ишке кабыл алуу жонундо жумуш беруучунун буйругу иш башталган кундон тартып уч кундук моонотко,кол койдуруп алуу менен кызматкерге билдирет.Кызматкердин талабы боюнча жумуш беруучу ага аталган буйруктун кубolондурулгон кочурмосун беруугe милдеттуу.

- Кызматкер жаңыдан жумушка алынган учурда ,жетекчи менен кесиптик бирлик комитетинин торагасы ички ченемдик документтер менен (жамааттык келишим ,кесиптик бирлик уюмунун туздон-туз жайкы эс алууга багытталган эмгек акынын 0,5% которуу жонундогу чечими) жазуу турундо таанышырууга милдеттуу,кызматкер таанышкан тууралуу кол коюусу керек.
- Эгерде кызматкер кесиптик бирликтин мучосу болбосо,анда кесиптик бирлик комитетинин торагасы бухгалтерияга жана Бишкек шаардык комитетке жаңы жумушка алынган кызматкерден кесиптик бирлик мучолук акыларын (1%) жана жайкы эс алууга

багытталган 0,5% олчомундо кошумча толом кармап калуунун кереги жок экендигин маалымдашы керек .

2.2 Кесиптик бирлик жумуш беруучу жана анын окулдору тарабынан эмгек мыйзамдарынын ,эмгек укуктарынын ченемдерин камтыган башка ченемдик-укуктук актыларды сакташына ,алардын жамааттык келишимдин шарттарын аткарышына коомдук контролдукту жузого ашырат.

## 3.Кызматкердин эмгегине акы толоо .

### 3.1 Тараптар (администрация жана кесиптик бирлик):

- Квалификациясынын жана кесиптик милдеттенмелери боюнча аткарылган ишке ылайык эмгек акысын жогорулатуу жана материалдык сыйлоого комок корсото турган шарттарды тузууго.
- Кадрлык потенциалды чыңдоо боюнча зарыл чараларды коруго,уюмдун беделин жогорулатууга комок корсотууго милдеттенет.
- Кызматкерлердин эмгек акысы КР окмотунун токтомуна ,кызматкерлердин эмгек акысы жонундо Жобого ,кызматкерлерге кошумча акыны жана кошумча толоону белгилоонун тартиби жонундо Жобого, Сый акы беруу жонундо Жобого ылайык белгиленет.
- Кызматкерлерге эмгек акы толоого КР окмотунун 2019-жылдын 30-сентябрынын №511 токтомуна ылайык эмгек акы толоо системасына ылайык жургузулот.

### 3.1.1 Мугалимдердин эмгек акысы мугалимдерди тарифтештируу аркылуу белгиленет,ал:

- Окуу жылынын башталышында аныкталган жукко негизделген эмгек акынын
- Билим беруу процессине байланыштуу жана негизги милдеттенмелердин чойросуно кирбеген иштерди аткаруу учун кошумча толоону
- Эмгектин нормалдуу шарттарынан четтеген эмгек шарттары учун кошумча толоолорду
- Колдонуудагы мыйзамдарга,эмгек акы жонундо жобого локалдуу ченемдик актыларда каралган башка толомдорду озуно камтып турат .Мисалы,Сыйлоо фондунан сый акы беруу

### Жумуш беруучу :

- Ар бир кызматкерге анын эмгек акысынын курамдык болуктору ,жургузулгон кармап калуулардын олчомдору жана негиздемелери ,ошондой эле толонууго тийиш болгон жалпы акчалар жонундо кабарлоону камсыз кылууга милдеттенет.
- КРокмотунун 31.05.2011-жыл №270 токтомуна ылайык педагогикалык иш стаж учун кошумча акы : беш жылдык педагогикалык иш стаж учун -10%олчомундо,он жыл учун_20% олчомундо,он беш жыл жана андан ашык жыл учун-30% олчомундо толонот.
- КР окмотунун токтомуна (27.04.2015-жыл №258),озгочо шарттарда иштегендердин кызматтык маяналарына карата кошумча акы белгилениши мумкун болгон иштердин типтуу тизмесине ылайык ,информатика,химия сабактарынын мугалимдерине,химия кабинеттеринин лобаранттарына -15% кошумча толом белгилениши мумкун
- Мектептин туртку беруучу эмгек акы фондусу кызматкерлердин арасында эмгектик катышуу коэффицентинин (ЭКК)-упайлардын негизинде болуштурулот .ЭКК

жамааттарынын ар бир мучосунун жеке салымына объективдуу баа берууну жана мектептин ишинин жалпы натыйжаларын чагылдырып турат.

- Жамаат тарабынан бекитилген «сый акылар жана сыйлык беруу жонундо» жобого ылайык сыйлык берууго (сый акыга) ,материалдык жардам корсотууго жана кошумча акы белгилоого багытталышы мумкун болгон эмгек акы фондусун уномдоодон алынган каражаттарды болуштуруу боюнча администрациянын ,эксперттик кенештин жана кесиптик бирликтин шайланма органынын биргелешкен чечимин камсыз кылууга милдеттенет.
- Кызматкерлердин эмгек акысынын олчомун оз убагында толоп беруу учун жетекчи жоопкерчилик тартат .

Кесиптик бирлик :

- Тарифтик –квалификациялык комиссиялардын ишине ,мекеменин эмгек акы боюнча локалдуу ченемдик докменттерин иштеп чыгууга катышат
- Эмгек акы боюнча укуктук ченемдердин сакталышына ,кызматкерлерге эмгек акынын оз убагында жана толук коломдо толонушуно ,ошондой эле педагогикалык кызматкерлердин чыгармачыл салымы учун сый акыларды,сыйлыктарды болуштурууго коомдук контролдукту жузого ашырат
- Эмгек талаштары боюнча жана сотто кесиптик бирликтин мучолорунун окулу болот жана эмгектик укуктарын коргойт

## 4.*Иш мезгили жана алуу мезгили*

4.1. Тараптар:

- Кызматкерлердин иш убактысы ички эмгек тартибинин эрежелери, сменалуулуктун графиги, эмгек келимишинин шарттары , кызматкерлердин кызматтык нускамалар жана аларга Устав тарабынан жуктолгон милдеттер менен аныкталат.
- Мекеменин жетекчи кызматкерлери. администрациялык- чарбалык , окутуучу – комокчу жана тейлоо персоналы учун жумуш кунун узактыгы жумасына __саатка белгиленет
- Мекеменин педагогикалык кызматкерлери учун иш мезгилинин узактыгы жумасына_______ сааттан ашпайт.
- Оргууго чыгаруунун кезектуулугу жумуш беруучу тарабынан иштелип чыккан жана кесиптик бирлик менен макулдашылган графикке ылайык календардык жыл башталганга чейин кеминде эки жума калганда аныкталат.Кызматкерге оргууго чыгышын башталган мезгили жонундо оргуу башталганга чейин кемиде эки жума калганда кабарланууга тийиш. Кызматкер менен жумуш беруучунун оз ара макулдашуусу боюнча акы толонуучу оргуу эки болукко болунушу мумкун. Кызматкерди оргуудон кайра чакырып алууга макулдугу менен гана жол берилет.
- Эмгек акысын сактабастан оргууго чыгаруу КР Эмгек кодексинин 133- статьясында корсотулгон кызматкерлердин категориясынын жазуу жузундогу арызы боюнча жургузулот.
- Дисциплинардык жаза чарасын колдонууга карабастан, эмгек тартибинин эрежелерин же коомдук тартипти системалуу турдо бузган кызматкерлерге

  -болумдун жетекчиси тарабынан аныкталган моонотко эмгек акысына карата кошумча акы азайтылат,

  - эмгектик ишинин натыйжалары боюнча кезектеги сый акы толонбойт

  -жыл бою кесиптик бирликтин бюджетинен жана фонддон материалдык жардам корсотулбойт деген макулдашууга келишти.

## Кесиптик бирлик:

- Ченемдик укуктук документтерге жана ички эмгек тартибинин эрежелерине ылайык иш режимин белгилоодо эмгектик укуктардын ченемдердин сакталышын иш мезгилин жана эс алуу мезгилин жонго салууга коомдук контролдук жузого ашырат.

## 5. Кадрларды иш менен камсыз кылуу , кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо.

Кызматкердин кесиптик чеберчилигинин жана квалификациясынын осушуно , чыгармачылык активдуулугун жогорулатууга , иштердик сааттарын аныктоого узумдун ишин оркундотууго жана кызматкерлерди кызматы боюнча жылдырууга , ошондой эле кызматына ылайык келишине туртку максатында , тараптар ( аттестациялык – квалификациялык комиссия) Типтуу Жобону жана ар бир билим беруу мекемесинде ички аттестациялоодон отууго тийиш болгон кызматтардын тизмесин иштеп чыгууга жана бекитууго милдеттенет ( КР Эмгек кодексинин 197- ст.)

## Жумуш беруучу томондогулорду камсыз кылат:

- Усулдук секциялардын жетекчилеринин пикирлерин эске алуу менен, кызматкерлерди кесиптик даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун формаларын , мекеменин келечекте онугушун жана сабактар боюнча вакансияларды эске алуу менен ар бир календардык жылга зарыл болгон кесиптердин жана адистиктердин тизмесин аныктайт
- Кеминде беш жылда бир жолу педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатат
- Кызматкер ондурштон ажыратуу менен квалификациясын жогорулатууга жиберилгенде,кызматкердин негизги иштеген жери боюнча иштеген ордун (кызматын)жана орточо эмгек акысын сактап калат Эгерде кызматкер квалификациясын жогорулатуу учун башка шаарга,олкого жиберилсе ,иш сапарына жиберилуучу адамдар учун каралган тартипте жана олчомдордо иш сапарына кетуучу чыгымдарды толоп берет.
- Ишин жогорку ,орто жана баштапкы кесиптик билим беруу мекемесинде ийгиликтуу окуу менен айкалыштырган .КР Эмгек кодексинин 195- статьясында каралган тартипте билим алган кызматкерлерге ,алар окуусун бутконбон кийин иштоосун уланткан шартта кепилдиктерди жана компенсацияларды берет.

## Кесиптик бирлик:

- Администрациянын кызматкерлеринин иш менен камсыз кылуу маселелерин,вакансияларды жабуу боюнча иштерине контролдук кылууну жузого ашырат.

## 6. Эмгекти жана ден соолукту коргоо.

## Жумуш беруучу:

- «Эмгекти коргоо жонундо », «Кесиптик бирликтер жонундо», «Билим беруу жонундо»

жана «Мугалимдин статусу жонундо» КР мыйзамдарынын алкагында билим беруу мекемесинде эмгекти коргоонун ченемдери жана эрежелерин сактоого.

- Администрация менен кесиптик бирлик комитетинин ортосунда эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча макулдашууну иштеп чыгууга жана жыл сайын бекитууго милдеттенет.

- Кызматкерлердин эмгектин жакшы жана коопсуз шарттарында болгон укугун камсыз кылууга,кызматкерлердин Ондурушук мертинуусун жана кесиптик дартка чалдыгышынын алдын ала турган эмгек коопсуздугун заманбап каражаттарын киргизууго (КР Эмгек кодексинин 215-ст).

Ушул укукту ишке ашыруу учун эмгекти коргоо боюнча макулдашуу тузууго милдеттенет (анда эмгекти коргоо жана эмгектин коопсуздугу боюнча уюштуруучулук жана техникалык иш-чаралар ,аларды аткаруунун мооноттору ,жооптуу кызмат адамдарын аныктоо менен тиркелет )

- Чыгымдардын сметасында эмгекти коргоо жана эмгек коопсуздугу боюнча иш чараларды финансылоо учун билим берууго кетуучу чыгымдардын кеминде 0,2% олчомдогу чыгашаларды кароого милдеттенет.
- Жумуш орундарын аттестациялоо жургузууго жана анын натыйжалары боюнча кесиптик бирлик комитетинин пикирин эске алуу менен белгиленген тартипте жана мооноттс эмгекти коргоо жана эмгек коопсуздугу боюнча иштерди жузого ашырууга милдеттенет.
- Ишке кабыл алынган ,ошондой эле башка ишке которулган кызматкерлердин бардыгы менен эмгекти коргоо ,балдардын омурун жана ден соолугун сактоо, иштерди аткаруунун коопсуздук ыкмаларына жолдорунa окутууга ,жабыр тарткандарга алгачкы жардам корсотуу боюнча окутуу жургузууго жана нускама берууго милдеттенет.
- Эмгекти коргоо боюнча нускама иштеп чыгууга жана бекитууго ,алардын кызматкерлер тарабынан сакталышын камсыз кылууга милдеттенет ,ондуруштук кырсыктарга оз убагында тергоо жургузууго (КР Эмгек кодексинин 225-ст)милдеттенет.
- Кызматкерлердин милдеттуу алдын-ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон отушун камсыз кылууга милдеттенет
- Кесиптик бирликтин эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук инспекциясына ,кесиптик бирликтин эмгекти коргоо боюнча комитетинин ыйгарым укуктуу мучолоруно алдын-ала кабарлабастан эле уюмга ,жумуш орундарына тоскоолдуксуз барышына мумкунчулук берууго милдеттенет.
- Кеминде уч жылда бир жолу жетекчилердин ,адистердин ,ыйгарым укуктуу адамдардын эмгекти коргоо боюнча комитетинин мучолорунун атайын курстарында кесиптик бирликтин шаардык комитетинин программасы боюнча эмгекти коргоо боюнча окутууга жана билимдерин текшерууго милдеттенет .

Эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адамды бекитууго ,кызматкерлердин окулдорун эмгекти коргоо боюнча комитетке (комиссияга) жиберууго милдеттенет.

- Эмгекти коргоого коомдук контролдукту жузого ашыруу учун эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адамга айына жумуштан бош бир кун берууго милдеттенет

## Кесиптик бирлик комитети :

- Кесиптик бирликтин мучолору жана башка кызматкерлер учун спорттук-ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды уюштурууга.
- Кызматкерлердин балдарынын ден соолугун чыңдоо боюнча иш жургузууго.
- КР мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин эмгегин коргоо боюнча шарттарды жакшыртууга жана иш-чараларды откорууго коомдук контролдукту жузого ашырууга.
- Жумуш беруучу менен эмгек жамаатынын атынан календарлык жылга эмгекти коргоо жана эмгек шарттарын тузуу боюнча макулдашуу тузууго.
- Эмгек шарттарына коз карандысыз экспертиза жургузууго жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылууга жана жумуш орундарын аттестациялоону жургузууго.
- Кырсыктарды тергоого катышууга ,ошондой эле аларды оз алдынча тергоону жузого ашырууга.

- Кызматкерлердин омуруно жана ден соолугуна туздон-туз коркунуч келтирилгенде ,жумуштарды токтотуу талабын коюуга.
- Эмгекти коргоо боюнча ченемдик талаптарды бузууда күнөөлүү болгон кызмат адамдарын жоопко тартуу жонундо сунуштар менен тиешелуу органдарга кайрылууга милдеттенет.

## 7. Социалдык женилдиктер жана кепилдиктер.

Тараптар :

- Билим беруу кызматкерлерине томондогу себептер боюнча акы толонуучу бош кундорду беруугo:

-кызматкер никеге турганда- 3 кун.

- балдары,ата-энеси ,жубайы,жубайлар каза болгондо- 3кун,

Пенсиялык куракка жеткенден кийин ,биринчи жолу оз каалоосу менен болгон кызматкерлерге ,курагы боюнча моонотунон мурда эмгекетик пенсияга чыгуу укугуна ээ болгон кызматкерлерге тарифтик чендин (маянанын) олчомундо материалдык акы толоп берууго макулдашышты.

### 7.1 Тараптар ,кесиптик бирлик комитети :

-кесиптик бирликтин мучолоруно турак-жай жана башка социалдык-тиричилик маселелерин чечуудо комок корсотот.

-Аларга даректуу социалдык колдоо корсотуу учун аз камсыз болгон, анын ичинде оорусу катуу кызматкерлер ,жалгыз бой энелер,уч жана андан ашык баласы бар кызматкерлер,жалгыз бой пенсионерлер жана башкалар жонундо маалымдамалар банкын тузот.

-Социалдык камсыздандыруу каражаттарын чыгымдоого контролдукту жузого ашырат,санаториялык дарылануу маселерин чечууго комок корсотот.

7.2Кесиптик бирликтин бюджетинин каражаттарынан кесиптик бирликтин мучолоруно материалдык жардам корсотот Хирургиялык операциялар учурунда кесиптик бирликтин шаардык комиттетинин Борборлоштурулган ден соолукту чыңдоо фондунан материалдык жардам алууга комок корсотот.
7.3Кесиптик бирликтин мучолоруно социалдык-тиричилик маселелери боюнча укуктук консультацияларды берет,мыйзамдарга ылайык кызматкерлерге социалдык кепилдиктерди жана женилдиктерди беруугo коомдук контролдукту жузого ашырат деп макулдашылды .

## 8.Тараптар биргелешип.

-Кызматкерлердин турак –жай шарттарын жакшыртуу жонундо жогору турган органдарга отунуч менен чыгышат.

-Социалдык камсыздандыруу боюнча комиссия менен биргелешип ,социалдык камсыздандыруу боюнча каражаттардын чыгымдалышына контролдук кылууну жузого ашырышат

-Социалдык камсыздандыруу боюнча комиссиясы менен биргелешип, мектептин кызматкерлеринин санаториялык дарылануусун жана эс алуу маселелерин чечишет.

-Социалдык камсыздандыруу боюнча комиссия менен биргелешип ,мектептин кызматкерлерине жолдомолорду болуп беруу маселелерин чечишет.

--12 жашка чейинки 3 баланы тарбиялап жаткан энелердин эмгек оргуусуно 3 кун кошулат.

-Билим беруу системасында 25 жылдан ашык иштеген кызматкерлерге 3 кун кошулат

- Кесиптик бирликтин активистерине 3 кундук кошумча оргуу берилет.

## 9. Кесиптик бирлик ишмердуулугунун кепилдиктери.

9.1 Тараптар:

-Ченемдештируунун жана эмгек акынын ,материалдык туртку беруунун ,иш режиминин шарттарын белгилоо жана озгортууго тиешелуу чечимдер жумуш беруучу жана жетекчи тарабынан тиешелуу шайланган кесиптик бирлик органынын пикирин эске алуу менен кабыл алынат.

- Кесиптик бирлик органдарына жабдылган имарат-жай ,кызматтык транспорт ,байланыш каражаттары ,кобойтуу техникалары ж.б акысыз пайдаланууга берилет.

-Жумуш беруучу кесиптик бирликтин жалпы чогулушунун чечими менен кабыл алынган ,жайкы эс алуу учун туздон - туз багытталган 0,5%дык кошумча чегеруулорду камсыз кылат.

- Кесиптик бирликтин мучосу жайкы эс алуу учун багытталган 0,5% которуудан баш тарткан учурда,ал кесиптик бирликтин торагасына жазуу жузундо билдирууго укуктуу,ал эми кесиптик бирлик комитетинин торагасы Билим беруу борборунун жана Бишкек шаардык комитеттин бухгалтериясына билдирет.

-Кесиптик бирлик уюмунун шайланган коллегиалдуу органдарынын негизги ишинен бошотулбаган мучолору кесиптик бирликтердин чакырылган съезддеринин ,конференцияларынын ишине делегат болуп катышуу учун,ал эми бул жамааттык келишимде каралган учурларда,кесиптик бирликтин кыска мооноттуу окууларынын убагында негизги ишинен бошотулат.

-Эмгек талаштары боюнча комиссиянын мучолоруно ,комиссиянын ишине катышуу учун орточо эмгек акысын сактоо менен жумуштан бош убакыт берилет деп ырасталат.

- Баштапкы кесиптик бирлик уюмуна шайланган органдары менен макулдашуу боюнча томондогу маселелер каралат:

-жумуш беруучунун демилгеси боюнча кесиптик бирликтин мучосу болуп эсептелген кызматкерлер менен эмгек келишимин бузуу

- оргууго чыгаруунун кезектуулугу

-ички эмгек тартибинин эрежелерин тузуу,бекитуу

-эмгекти коргоо боюнча комиссия тузуу

-сменалуулуктун графигин ,окуунун,сабактардын расписаниесин белгилоо ,эмгектин зыяндуу ж.б.озгочо шарттары учун кошумча акынын олчомдорун белгилоо

- кызматкерлердин кесиптик даярдыгынын,кайра даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун формаларын аныктоо

-дисциплинардык жаза чарасы колонулган учурдан тартып, бир жыл аяктаганга чейин аны колдонуу жана алып салуу

-кызматкерлердин жамааттык келишимде каралган социалдык-эмгектик укуктарына тиешеси бар башка маселелер каралат.

9.2. Тараптар кызматкерлерге сыйлык берүүдө шайланган кесиптик бирлик органынын торагасы же мүчөсү катары иштеген коомдук иштин маанисин эске алууну сунуш кылышат.

9.3. Шайланган кесиптик бирлик органдары кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн өтүнүчү боюнча ,ошондой эле жеке демилгеси боюнча эмгек талаштарын караган органдарга кызматкерлердин талаптарын билдирүүгө укуктуу.

9.4. Жумуш берүүчү кесиптик бирлик комитетине эмгектин жана мекеменин социалдык-экономикалык онугушун ар кандай маселеси боюнча зарыл болгон маалыматты берет деп ырасташат

## 10. Жамааттык келишимдин аткарылышына контролдук жүргүзүү ,тараптардын жоопкерчилиги.

Тараптар:

-Жумуш берүүчү жамааттык келишимге кол коюлгандан кийин жети күндүн аны билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин шаардык комитетине кабарлоочу каттоого берет.

- Жамааттык келишимдин жоболорунун аткарылышынын жүрүшү жөнүндө кызматкерлердин жалпы чогулушунда (сентябрь,февраль)отчет берет.

-Жамааттык келишим колдонулуп жаткан мезгилде келип чыккан ,аны аткарууга байланыштуу чыр-чатактарды карайт

-Жеке жана жамааттык эмгек талаштарын чечүүнү мыйзамдарда белгиленген тартибин сакташат,чыр-чатактардын келип чыгышына алып келиши мүмкүн болгон четтетүү үчүн бардык аракеттер колдонулат.

-Жамааттык келишим бузулган же аткарылбаган учурда,күнөөлүү тарап же күнөөлүү адамдар мыйзамдарда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат деп макулдашышты.

Жамааттык келишимге ички тартиптин эрежелери,Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча макулдашуу тиркелет

Директор : Ш.Дж. Джунушова

Колу

Печать

Кесиптик бирлик комитетинин торайымы

Колу

Печать

ПРОФКОМ